# КЫЗМАТТАШТЫК МЕНЕН ДОСТУКТУ БЕКЕМДЕГЕН САЛТАНАТ

**«Алтынкен» компаниясынын жетекчилиги салттуу түрдө балдарды жана улуу муундарды Нооруз - жаз майрамы менен куттуктады.**

22-мартта башкы директор Ван Цанмин баш болгон «Алтынкен» жоопкерчилиги чектелген коомдун өкүлдөрү Орловка шаарындагы «Нурмэйса» балдар үйүнө жана Кемин шаарындагы «Күн нуру» карылар үйүнө жумуш сапары менен барышты.









Майрамга карата эки социалдык мекемеге бир койдон, 100 килограммдан ун, 10 литрден өсүмдүк майы жана 60 килограмм ар түрдүү мөмө-жемиштер белекке берилди. Бул күнү «Нурмэйса» балдар үйүнүн балдары ыраазычылык катары меймандарга даярдаган бийин арнашты. Карылар үйүнүн жашоочулары да кубанычтарын жашырышкан жок.

Майрамдын шаңы алтын кенде да сезилди. Кеңсенин алдындагы аянтчада кыргыздын улуттук боз үйү тигилип, анда башкы директордун орун басары Ван Цанмин мырза жана профсоюздук комитеттин төрагасы Медер Атаянов мейманда болушту.

Салт боюнча меймандарды компаниянын башкы ашпозчусу Гульмира Тукомбаева «Умай эненин» образында боз үйдү арча менен түтөтүп тосуп алды, аны менен кыргыз элине тынчтык жана бардык жакшылыктарды каалады.

Көчмөндөрдүн кооз жайына элибиздин улуттук тамак-аштары коюлган майрамдык дасторкон жайылды. Бул жерде кыргыздын мыкты улуттук тамак -аштары жана суусундуктары боюнча сынак уюштурулду.





Мелдешке катышкан төрт команданын ар бири келген коноктордү жылуу тосуп алышып, тамак-аштардын түрлөрүнүн бет ачарларын тартуулашып, алардын тарыхы жана даярдалышы тууралуу баяндап беришти. Чоң чыгармачылык менен даярдалып жасалган тамак-аштардын түрлөрү эч кимди кайдыгер калтырган жок.

Сынактын катышуучулары боз үйгө кирген меймандарды ар кандай даамдуу аштар менен тосуп алууга аракет кылышты. Бирок майрамдын символу өзөгүн өнгөн буудай түзгөн жети дан азыктарынан түнү менен даярдалган сумөлөк болду.

Компаниянын көптөгөн кызматкер айымдары улуттук костюмдарды жана көйнөктөрдү кийишип, майрамдын көркүн ачышты. Саймаланган жана оймолор менен кооздолгон көйнөктөр биздин айымдардын сулуулугун баса көрсөтүп турду.

Спорттук мелдештердин жана тамак-аштар сынагынын жыйынтыгы жыйындар залында улантылып, компаниянын атынан чогулгандарды финансы директору Цю Чундэ мырза Нооруз майрамы менен куттуктады. Ал өзүнүн сөзүндө мурдагы оор жылдарга карабастан «Алтынкен» ЖЧКнын эмгек жамааты талыкпас эмгеги менен алардын алдына коюлган милдеттерди ишке ийгиликтүү ашырып келгенин белгиледи. Аны менен бирге профсоюз комитетине майрамды жогорку деңгээлде өткөргөндүгү үчүн чоң ыраазычылыгын билдирди. Баарына чын ден соолук, бакубат жашоо жана компаниянын андан ары өсүп-өнүгүшүн каалады.

Жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи профсоюздук комитет тарабынан даярдалган концерттик программа жана көңүл көтөргөн интерактивдүү оюн-сынактар менен коштолду.

Салтанаттын соңунда профсоюздун төрагасы Медер Атаянов Нооруз майрамын кендин аймагында кеңейтилген форматта өткөрүү демилгесине колдоо көрсөткөндүгү үчүн компаниянын жетекчилигине, ошондой эле майрамдын катышуучуларына жана уюштуруучуларына чоң ыраазычылыгын билдирди.

Биргелешкен ишкананын жамааты кыргыз жана кытай элдеринин маданияты жана каада-салттары менен терең таанышуу аркылуу гана өндүрүштө жогорку бийиктиктерге жетише алат.

# КОМПАНИЯ ӨРТТӨН ЖАБЫР ТАРТКАНДАРГА ЖАРДАМ БЕРДИ



«Алтынкен» ЖЧКнын башкы директорунун биринчи орун басары өрттүн кесепетинен үйү өрттөнгөн тургундар менен жолукту. Айта кетсек, бул кайгылуу окуя 13-январдан 14-январга караган түнү болгон. Өрттөн жабыр тарткан Койчумановдордун айтуусу боюнча үй-бүлө мүчөлөрү өрттөнүп жаткан үйдөн качып чыгышып, аман калышкан. Уктап жаткан тургундарды түндө өрт каптаган үй урап, басып калуу коркунучу бар эле.

Кемин районунун мамлекеттик администрациясынын өтүнүчү боюнча «Алтынкен» ЖЧКсы Койчумановдордун үй-бүлөсүнө 30 000 сом өлчөмүндө каржылык жардам көрсөттү. Кыш мезгилинде өрттүн кесепетинен үйсүз калып жабыр тарткан үй-бүлө оор мезгилде көрсөтүлгөн жардамы үчүн компанияга чоң ыраазычылыгын билдирди.

